## Протокол № 1

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин кочүрмосү

30.09.20.

Катышкан 28 мугалим

### Каралуучу маселелер:

1. 2020-2021-жылдагы окуучулардын санын тактоо. 10-класстарды комплектоо.
2. Предметтин календардын мерчемдерди бекитүү, мамлекеттик стандартка дал келүүсү тууралуу жана_____ мерчемдери жөнүндө
3. Онлайн формасында окутуу тууралуу
4. Электрондук күндөлүктү колдонуу тууралуу
5. Жаңы окуу жылына карата окуу китептери менен камсыз болушу
6. Кылмыштуулуктун алдын алуу кеңешмесин түзүү, мерчемдерин бекитүү
7. 1-класстардын тамактануусун уюштуруу тууралуу
8. Физика, химия, ОИВТ кабинеттерин аттестациялоо боюнча
9. Олимпиадага катышкан окуучулардын тизмесин тактоо жана начар. шыктуу окуучулар менен иштөө мерчемдери
10. 3-11-класстардын предметтер боюнча стартттык билим сапатын текшерүү( онлайн түрүндө)
11. Предметтик декаданын жыйынтыгы, кыргыз тили жана адабияты сабагы тууралуу

### Кеңешменин жүрүшү:

Мектеп директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе жана регламенти менен тааныштырды.

Каралуучу 1-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага сөз берилди

Угулду: 2019-2020-окуу жылына карата Шабдан Ата атындагы орто мектебин 402 окуучу окуп аяктады. Анын ичинен 34 окуучу 11-классты бүтүп кетти. 39 окуучу 10-класска комплектенди. 1-11-класстарда 412 окуучу 2020-2021 окуу жылына карата комплектенди( маалымдама тиркелет)

Сунуш:

1. Класс жетекчилер тарабынан кеткен окуучулардын документтеринин толуктугу текшерилип, жок документтери толуктаалсын.
2. Ар бир класстын окуучуларынын өздүк делолору иретке келтирилсин.

Жогоруда айтылгандардын негизинде томондогудой чечим кылат

Чечим:

1. Ай ичинде келген, кеткен окуучулардын документтеринин толуктугун текшерүү жагы класс жетекчилерге жүктөлсүн.
2. Ар бир окуучунун өздүк делолору иретке келтирүү жагы класс жетекчилерге жүктөлсүн.

Каралуучу 2,3,4-маселе боюнча окуу тарбия иштер боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегулова отчет берди( маалымдама тиркелет)

1. Чейректе таланттуу балдар тандалып алынсын.
2. Ар бир баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша иш жүргүзүлсүн
3. Мугалимдер аралыктан окутууда ватсап тиркемеси менен гана чектелбестен башка платформаларды да өздөштүрсүн
4. Класс жетекчилер тарабынан окуучулардын онлайн сабагына үзгүлтүксүз катышуусу көзөмөлгө алынсын
5. Окуучулардын электрондук күндөлүгүнө толук кирүүсү көзөмөлдөнсүн

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгүдөй чечим кылат

Чечим:

1. Предметтик мугалимдер өз предметтери боюнча мамлекеттик стандарттын негизинде календардык мерчемдерди түзүп, ошонун негизинде иш жүргүзүлсүн
2. Окуучуларды аралыктан окутууда сабакка кызыктырып, ар кандай ыкмаларды колдонуу жагы мугалимдерге жүктөлсүн
3. Сентябрь айынан баштап, электрондук күндөлүктү туура, так толтуруу ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн
4. 2-чейректен баштап электрондук күндөлүк менен толук кандуу иштөө жагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага милдеттендирилсин.

Каралуучу 5-маселе боюнча соз мектеп китепканачысы И.С.Бозумовага берилди.

2020-2021-окуу жылына карата китепканада жалпы китептердин саны -7937 түзөт.

Анын ичинен адабий китептер -3000.

Метод. колдонмо- 4224

Быйылкы окуу жылында  мектеп окуучулары жалпысынан 85% менен камсыз болушту. Тараткан китептердин саны- 4114 болот. Жетпеген китептердин саны- 400( маалымдама тиркелет)

Жарыш сөзгө чыкты:

10-б класстын класс жетекчиси Тилепбергенова- 10-класска (орус) китеп жетишпейт. Биологиядан 6 шт китеп таратылды. География болгону 9 шт, физика-8шт, геометрия менен кыргыз тили китептери эле толук таратылды.

И.С.Бозумова- Ооба, чындыгында ушул класска китеп жетпейт. Былтыр деле заявка берилген. Быйылкы окуу жылында деле заявка бердим. Жыл ичинде келип калаар. Класс жетекчилер деле ата-энелер менен байланышып, балдарына сатып берсе болот да.

А.А.Сарагулова: Урматтуу класс жетекчилер, предметтик мугалимдер онлайн окутууда, чындыгында окуучулар китепти кандай колдонуп жаткандыгы бизге белгисиз. Ошентсе да, китепти таза кармоого, сырттоого талап койгула. 5-6-класстар аренда акчаларды төлөй баштагыла. Ата-энелер өзүлөрү төлөсүн. Класс жетекчилер көзөмөлгө алгыла.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Класс жетекчилерге, мугалимдерге окуу китептеринин сакталышына көзөмөл жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.

2. Ар бир класстын окуу китептерин жаңы китеп боюнча секцияга киргизүү жагы китепканачы И.С.Бозумовага жүктөлсүн.

6-маселе боюнча сөз соц.педагог А.А.Кармышовага берилди. Маалымдама окулду.(тиркелет)

Сунуш:

1. Кылмыштуулуктун алдын-алуу кеңешмесинин ишин жандандыруу
2. „Тобокел" тобуна кирген окуучулар менен тыгыз байланышта болуп, ата-энелер менен сүйлөшүү.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгүдөй чечим кылынат

Чечим:

1. Кылмыштуулуктун алдын-алуу мерчемдеринин толук аткарылышын көзөмөлдөө жагы соц.педагог А.А.Кармышовага милдеттендирилсин.
2. Кылмыштуулуктун алдын-алуу кеңешмесинин ишин көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

7-маселе боюнча сөз мектеп ашканасына жооптуу М.Ч.Абышовага сөз берилди:

2020-жылы сентябрь айында офлайн окуп жаткан 1-класстарга эле шашке тамак уюштурулган. Балдардын саны -44. Анын ичинен 26 кыз бала, 18 эркек бала. Маалымдама окулат( тиркелет)

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Ашкананын санитардык-гигиеналык жагын көзөмөлдөө жагы М.Ч.Абышовага жүктөлсүн.
2. Ата-энелер тарабынан айына берилген жүз сом өлчөмүндөгү( ар бир бала) акча каражатынын сарпталышын ата-энелер комитети Ж.Мустапаевага милдеттендирилсин.
3. Окуучулардын санитардык-гигиеналык нормаларынын сакталышын көзөмөлдөө класс жетекчилери Б.Кыйсаеева менен Э.Джумабаевага милдеттендирилсин.

8-маселе боюнча так илимдер боюнча усулдук бирикменин жетекчиси А.А.Кармышова билдирди:

Шабдан Ата атындагы орто мектебинде 4-сентябрда мектеп администрациясы, профком жана усулдук бирикменин жетекчиси менен бирдикте химия, физика, ОИВТ кабинеттерин аттестациялоо жүргүзүлдү. Маалымдама окулду, тиркелет.

Сунуш:

1. Химия, физика кабинетинде коопсуздук эрежелерин сактоо кабинет жетекчилерине берилет
2. жетишпеген курал жарактарга, реактивдерге районго билдирүү

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Химия, физика, ОИВТ кабинеттерин аттестациялоо канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кабинеттеги коопсуздук эрежелерин сактоо кабинет башчыларына милдеттендирилсин

3. Жетишпеген курал-жарактар жана реактивдер боюнча кечиктирилбестен Кемин райондук билим берүү бөлүмүнө билдирилсин.

Каралуучу 9,10 маселе боюнча окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары билдирүү жасады. Ар бир предмет боюнча шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөө мерчемдери түзүлүп, бекитилди. Начар окуган окуучулардын ата-энеси менен келишим түзүлдү. Шыктуу окуучулар менен иш жүргүзүлүп жатат. Онлайн окутуу болгондуктан көбүнчө тесттик тапшырмалар берип жатышат. Сентябрь, октябрь айында ар бир предметтен старттык тест алынды. (тесттин жыйынтыгы тууралуу окулат, маалымдама тиркелет)

Сунуш:

1. Шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөө ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.
2. Окуучунун билимин баалоодо көтөрмөлөбөй туура баалоо колго алынсын.
3. Жазуу иштери программага дал келгидей алышсын.
4. Баалоо критерийлерин туура колдонуу
5. Текшерүү иштер өз убагында алынып турсун
6. Окуучулардын онлайн режиминде сабакка катышуусун класс жетекчилер көзөмөлдөсүн.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Начар жана шыктуу окуучулар менен иштөө жагы ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилсин
2. Шыктуу окуучуларды олимпиадага даярдоо жагын көзөмөлдөө окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага жүктөлсүн.
3. Окуучунун билимин баалоодо баалоо критерийлерин туура колдонуу жагы ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.
4. Текшерүү жана жазуу иштерин алуу программага дал келсин жана өз убагында баалар журналга түшүрүлүш жагы предметтик мугалимдерге жүктөлсүн
5. Окуучулардын аралыктан окутуу учурунда предметтик сабактарга катышуусун көзөмөлдөө жагы класс жетекчилерге жүктөлсүн.

Каралуучу 11-маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси К.О.Тилепбергеновага сөз берилди:

-Саламатсыздарбы! 21-сентябрдан 30-сентябрга чейин 10 күндүк жумалык онлайн режимде өткөрүлдү. Маалымдама окулат( тиркелет)

Жарыш сөзгө:

Угулду: мектеп директору А.А.Карагулова ,,Баардыгыбыз сентябрь айында аткарылып жаткан иш-чаралар тууралуу угушсун. Келип, кеткен окуучулардын справкалары 20-октябрга чейин толукталсын. Чейректик тесттик текшерүү иштер өз убагында алынсын. Электрондук күндөлүк менен иштөө колго алынсын.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгүдөй чечим кылынды.

Чечим:

1. Кыргыз тили жана адабияты боюнча өткөрүлгөн декаданын уюштурулушу канааттандырарлык деп табылсын.

2. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери окуучуларды көркөм окууга, дил баян, эссе жазууга машыктыруу жагы милдеттендирилсин.
3. Кыздар жана балдар кеңешинин жетекчилерине онлайн режимде чогулуш өткөрүү жагы жүктөлсүн.
4. Тарбияга оор балдар менен иш алып баруу жагы соц.педагокко, класс жетекчиге милдеттендирилсин.
5. Кеткен окуучулардын маалымдамалары такталып, 20-октябрга чейин районго берилсин.
6. Чечимдин аткарылышын көзөмолдөөнү өзүмө калтырам.

**Мектеп директору:** **А.А.Карагулова**

**Катчы:** **А.Жумабаева**

## Протокол № 2

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

30.10.20.

Баардыгы : 30

Катышты: 29

Каралуучу маселе

1. Онлайн сабакка катышпай жаткан окуучулар менен жүргүзүлгөн иш тууралуу
2. Ысык тамактын уюштурулушу жана ашкананын абалы тууралуу
3. Окуу программаларынын мерчемделиши, практикалык-лабараториялык жазуу иштеринин нормалары жөнүндө
4. Зээндүү окуучулар менен иштөө жана олимпиадага даярдыктын жүрүшү тууралуу
5. Мамлекеттик тилдин мыйзамынын аткарылышы жөнүндө
6. Биология сабагынын берилишин онлайн текшерүү(7-9-кл)
7. Тарых предметинин декадасынын жыйынтыгы тууралуу.

Кеңешменин жүрүшү

Мектеп директору А.А.Карагулова кеңешмени ачып, каралуучу маселе жана регламент менен тааныштырды.

Каралуучу 1-маселе боюнча сөз соц.педагог А.А.Кармышовага берилди.

Угулду:

Шабдан Ата атындагы орто мектебинде октябрь айында баардык сабактар онлайн режимде өтүлдү. 1-класстар гана реалдуу окуп жатышат. 2-11-класстын класс жетекчилери онлайн сабакка такыр катышпай жаткан окуучулардын аты-жөнүн мага жазып беришти. Кайрылуу жазышты. Ошонун негизинде биринчи ата-энелер менен телефон аркылуу байланыштым. Окуучулардын өзүлөрү менен да сүйлөштүм. Көбүнчө эле телефонум жок, бирдигим жок

деген шылтоолорду айтып жатышат. Жалпы эле мугалимдер баарыбыз биргелешип, окуучуларды сабакка тартканга аракет кылалык. Менин жалгыз колумдан эмне келет?

Каникул учурунда тобокел тобуна кирген окуучуларды кыдырам. Ата-энелери менен келишим түзүп иштегиле. Себеби, азыркы учурда ар бир балага ата-энеси жооптуу болот.(маалымдама тиркелет)

Жарыш сөзгө: Г.А.Тентимишова

Мисалы, менин классымдагы Т.Мусаевдин таенесине далай жолу телефон чалдым, үйүнө да бардым, жылыш жок. Бул окуучунун телефону бар, единицасы да бар. Жөн гана сабакка катышкысы келбейт. „Ай, эмнеге байланышка чыкпай жатасың"- десем, жооп бербейт.

А.Жумалиева башталгыч класстын мугалими: Кээ бир үйдө төрт бала болсо, чынында бир телефон болуп, жетишпей жатабыз дейт.

А.А.Кармышова : эми такыр эле укпаган балдардын үйлөрүн каникул учурда өзүм кыдырам.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Онлайн сабакка катышпай жаткан окуучулар менен иштөө жагы ар бир класс жетекчиге жүктөлсүн.
2. Ата-энелер менен балдарын онлайн сабакка катыштыруу; үйдөн көзөмөлдөө боюнча келишим түзүү жагын көзөмөлдөө соц.педагог А.А.Кармышовага жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча мектепте ысык тамактын уюштурулушу жөнүндө тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Ч.Абышова билдирүү жасады.( маалымдама тиркелет)

Сунуш:

1. Түзүлгөн гшрафиктин негизинде ашкананы тазалоо жүргүзүлсүн.
2. Ашпозчулар санитардык-гигиеналык нормаларды сактасын.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Ашканада санитардык- гигиеналык нормаларды сактоо жагы ашпозчуга жүктөлсүн.
2. Күн сайын тазалоо, идиштерди таза кармоо жагы ашпозчунун жардамчысына жүктөлсүн.
3. Тамактанууда окуучулардын санитардык-гигиеналык каражаттарды сактоосун көзөмолдөө класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
4. Ысык тамактын түзүлгөн график боюнча туура берилишин көзөмөлдөө жагы А.Ч.Абышовага жүктөлсүн.

Каралуучу 3-4-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегулова билдирүү жасады. ( маалымдама тиркелет)

Сунуш:

1. Жазуу иштери, практикалык жана лабараториялык иштер атайын берилген норма менен аткарылсын
2. Начар жана шыктуу окуган окуучулар менен иштөө колго алынсын
3. Мектеп түзгөн график менен предметтик мугалимдер иш жургузсүн

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгүдөй чечим кылынды

Чечим:

1. Жазуу иштери, практикалык жана лабараториялык иштерди өз убагында аткаруу жана берилген норма менен жүргүзүлүшү ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилсин.
2. Начар жана шыктуу окуучулар менен берилген графиктин негизинде иш алып баруу жагын көзөмөлдөө окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага жүктөлсүн
3. Шыктуу окуучуларды мектеп ичинде уюштурула турган олимпиадага даярдоо жагы ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.

Каралуучу 5-маселе, мамлекеттик тилдин мыйзамынын аткарылышы тууралуу кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси К.О.Тилепбергенова билдирүү жасады. ( маалымдама тиркелет)

Жарыш сөз: мектеп директору А.А.Карагулова

-Чындыгында эле райондон көп буйруктар келет. Көбүнчө кыргыз тили мугалимдери аткарып жатат. Тил боюнча жазуу иштерин деле башка мугалимдер аткарсаңар болот да. Бизде окуучулар дилбаян, эссе жазууда абдан кыйналышат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде чечим кылынды

Чечим:

1. Мамлекеттик тил мыйзамынын аткарылышы канааттандыраарлык деп табылсын
2. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине окуучуларды жазуу иштери менен өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтүү жагы жүктөлсүн.
3. Көркөм окууга даярдоо жагы кыргыз тили мугалимдерине милдеттендирилсин

Каралуучу 6-маселе боюнча А.А.Кармышова билдирди

Угулду: биология сабактын онлайн берилиши 26-30-октябрда текшерилди. 7-9-класстарга биология сабагын К.Айткулуева берет. Тест алынды, старттык иш менен салыштыруу жүргүзүлдү. Тесттин жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:

7-а класс: билим сапаты- 52.9%

7-б класс: билим сапаты- 55%

9-а класс: билим сапаты-46.6%

9-б класс: билим сапаты- 70%

Маалымдама окулду( тиркелет)

Кеңешме чечим кылды

Чечим:

1. Биология сабагынын 7,9-класстарга берилиши канааттандыраарлык деп табылсын
2. Онлайн сабагына окуучуларды ар кандай тема колдонуу менен кызыктыра билүү жагы предметтик мугалим К.Айткулуевага жүктөлсүн.

Каралуучу 7-маселе боюнча тарых, география усулдук бирикмесинин жетекчиси Г.Кучкачева билдирүү жасады. Маалымдама окулду( тиркелет)

Мектеп директору А.А.Карагулова:

-Ар бир усулдук бирикменин жетекчилери өзүлөрүңөргө тийиштүү иштерди убагында аткарып, мектеп администрациясына көмөк көрсөткүлө. Онлайн сабактын өтүлүшүн көзөмөлдөгүлө. Предметтик мугалимдерге электрондук күндолук менен иштегенди үйрөткүлө. Азыр техниканын өнүгүү мезгили, жаш-кары дебей жапа тырмак бири-бирибизге жардам берели. Түшүнөм онлайн сабак берүүдө кыйналып жатасыздар бирок, ошол эле мезгилде окуучулар да ата-энелер да кыйналып кетти. Окуучулардын билим сапаты төмөндөп жатат. Ошондуктан ар бир окуучу менен жекече сүйлөшүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр. Суроо барбы?

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме төмөндөгүдөй чечим кылды

Чечим:

1. Октябрь айында өткөрүлгөн тарых декадасынын уюштурулушу канааттандырарлык деп табылсын
2. Усулдук бирикменин жетекчилерине планга коюлган иш-чаралардын онлайн сабактын өткөрүлүшүн көзөмөлдөө жагы милдеттендирилсин.
3. Онлайн сабак өтүүдө окуучуларды сабакка тартуу, кызыктыруу жагы ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн
4. Чечимдин аткарылышы мектеп администрациясына жүктөлсүн

**Мектеп директору: А.А.Карагулова**
**Катчы: А.Жумабаева**

## Протокол № 3

## Кемин районунун Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

30.11.20.

Катышканы 29 мугалим

Каралуучу маселе:

1. Электрондук күндөлүккө баалардын коюлушу жана толтурулушу тууралуу
2. Ийримдердин иш жүргүзүүлөрүн көзөмөлдөө тууралуу
3. Соц.педагогдун иш кагаздарынын абалы, укук бузуунун алдын алуу иштеринин жүргүзүлүшү
4. Мектеп иш кагаздарынын толтурулушу ( кл.журнал, өздүк дело, алф.китеп)
5. 1-4-класстардын ысык тамактануусу тууралуу
6. Предметтик декаданын жыйынтыгы тууралуу
7. Ар кандай маселелер

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе жана регламентти бекитти

Каралуучу 1-маселе боюнча сөз окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага берилди.

-Саламатсыздарбы! Окуу жылынын башында эле окуучулардын, ата-энелердин электрондук күндөлүгүнүн логинин жана паролу бардык кл.жетекчилерге берилген. Ноябрь айында предметтик мугалимдер электрондук күндөлүк менен иштөөгө аракет жасашты. Мугалимдердин арасынан Бейшенбаев Асанбек, Канкулуева Жийдегүл жана Ырсалиев Каныбек күндөлүк менен иштөөнү жакшы өздөштүрө албай келишет. Бул мугалимдерге жаш мугалимдер үйрөтүп жатышты. Өз учурунда электрондук күндөлүктү толтурушпайт. Маалымдама окулду( тиркелет)

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Электрондук күндөлүк менен иштөөдө окуучуларды, ата-энелерди тартуу жагы ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.
2. Электрондук журналга баалардын коюлушун, толтурулушун көзөмөлдөө жагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага милдеттендирилсин.

Каралуучу 2-маселе боюнча сөз тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышовага берилди:

-2020-2021- окуу жылында мектепте 0.5 ставка менен эки ийрим иш алып барууда. „Жаш талант" ийриминен музыка мугалими Г.Кучкачева жетектейт. Ал эми „Даткайым" бий ийримин болсо А.Жумабаева жетектейт. Окуу жылынын башында ийримдин иш планын түзүп, бекиттиришти. Маалымдама окулат(тиркелет)

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Ийримдерди өтүү графиги боюнча ийримдер өз убагында, уюшкандыкта өткөрүлсүн.
2. Талантуу окуучулар менен иштөө, аларды жандандыруу жагы ийримдин жетекчилерине милдеттендирилсин.
3. Ийримдердин ишин көзөмөлдөө жагы тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышовага милдеттендирилсин.

Каралуучу 3-маселе боюнча сөз мектептин соц.педагогу А.А.Кармышовага берилди:

-Саламатсыздарбы! 2020-2021- окуу жылына карата укук бузуунун алдын-алуу иштери боюнча маалымдама берип кетсем, окуу жылынын башында эле онлайн жыйналыш откорушуп "профилактикалык кеңештин" курамы түзүлгөн. Ошол жыйында бир катар суроолор каралган.

Маалымдама окулду (тиркелет).

Жарыш сөзгө чыккандар:

Г. А. Тентимишова: онлайн окуу учурунда ар бир окуучу эмне кылып жатканын билбейбиз. Эгер кандайдыр бир күтүлбөгөн окуя болуп кетсе, дагы эле биз жооптуу болобузбу?

А. А. Кармышова: Албетте, сиз класс жетекчи катары ар бир окуучуңуз кайда жүрот, ким кайда жашап жаткандыгы тууралуу билишиниз керек. Ата-энелер менен керек болсо, жума

сайын онлайн жыйын өткөрүп, балдары тууралуу кабарлашып турсаңыздар андан жакшы. Каникул учурунда баардык класс жетекчилер рейт кылбадыңарбы? Ата-энелер менен келишим түзбөдүңөрбү? Ал келишимде ата-энелер баласын үйдөн кароого, онлайн сабакка катыштырууга милдеттүү экендиги баса көрсөтүлүп жазылып турбайбы?!

Мектеп директору А. А. Карагулова:

-Күзгү каникул учурунда келишим түзүлдү. Кыз балдардын ата-энелеринен да түшүнүк кат жаздырып алдыңыздар. (9-11-кл) Ушунун баардыгы эле биздин ата-энелнр менен тыгыз байланышта болуп, иштеп жаткандыгыбыздын далили. Окуучу сабакка катышпай же тартип бузуулары тууралу угуп калсаңыздар сөзсүз түрдө мектеп администрациясына билдирүү керек.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгүдөй чечим кылынды

Чечим:

1. Соц.педагог А. А. Кармышованын иш кагаздарынын толтурулушу, аткарылышы канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Укук бузуунун алдын алуу иштеринин аткарылышын көзөмөлдөө жагы А.А. Кармышовага милдеттендирилсин.
3. Класс жетекчилер окуучуларынын жүрүм турумун көзөмөлгө алсын.

Каралуучу 4-маселе боюнча мектептин иш кагаздарынын толтурулушу боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А. Кенжегулова маалымдаманы окуду. (тиреклкт)

Сунуш:

1. Предметтик мугалимдер жазуу иштерин практикалык жана лабараториялык иштерди алганда бааны өз убагында кою керек.
2. Класс жетекчилерге онлайн окуп жатканына карабастан журналды өз убагында нускаманын негизинде так, туура жазуу зарыл.
3. Окуучулардын өздүк делосундагы керектүү документтерди өз убагында чогултуп салуу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Жазуу иштеринин, лабараториялык жана практикалык иштердин баасын өз убагында коюу жагы ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.
2. Класстык журналды так, туура толтуруу жагын көзөмөлдөө боюнча директордун орун басары Г.А. Кенжегуловага милдеттендирилсин.
3. Алфавит китебинин өздүк делонун толтурулушу канааттандыраарлык деп табылсын.

Каралуучу 5-маселе боюнча ысык тамактын берилиши боюнча жоопту М.Ч. Абышова маалымдаманы окуду (тиркелет)

Сунуш:

1. Ашкананы күн сайын тазалоо иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турсун.
2. Тамактын сапаттуулугу стандарттык нормада болушу керек.
3. Ашпозчулар жана 1-класстын окуучулары гигиеналык талаптарды туура сактоосу зарыл.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. 1-класстарга берилүүчү ысык тамактын уюштурулушу канааатандырарлык деп табылсын.
2. Ашпозчулар, окуучулар санитардык гигиеналык нормаларды туура сакташсын.
3. Ашкананы таза кармоону көзөмөлдөө жагы М.Ч.Абышовага жүктолсүн.

Каралуучу 6-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага сөз берилди:

-11-ноябрдан 20-ноябрга чейин физика предмети боюнча декада өткөрүлдү. Онлайн түрүндө декаданын ачылышы видеослайд аркылуу өткөрүлдү. Окуучулар да өзүлөрү „Кызыктуу физика" деген темада видеопрезентация жасашып, активдүү катышышты.

Жарыш сөзгө чыккандар:

УБ жетекчиси А.А.Кармышова –Чындыгында эле физика декадасы абдан кызыктуу уюштурулду. Өзгөчө 11-а класстын окуучусу М.Кожомкулованын „Магнит талаасы" деген темада жасаган презентациясы абдан сонун болуптур. Азыркы жаштар жаңы технологияларды мыкты өздөштүрүштү.

Г.М.Оторбаева: Чындыгында эле кээ бир окуучулардын талантын көрө алдык. Сабак учурунда уялчаак окуучулар онлайн мезгилинде активдүүлүктөрүн көргөзүштү. Декада, жакшы уюшкандыкта өткөрүлдү.

- Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Физика декадасынын уюштурулуп өткөрүлүшү канааттандырарлык деп табылсын.
2. Окуучуларды физика сабагына кызыктыруу, шыктуу окуучуларды физика предметинен берген мугалимдерге милдеттендирилсин.

Ар кандай маселелер боюнча мектеп директору А.А.Карагулова төмөнкүдөй билдирүү жасады:

- Урматтуу мугалимдер жамааты жогоруда каралгандай ноябрь айында аткарылган иштерди угуп, талкууладык. Эми 2-декабрдан баштап, реалдуу окууга өтөбүз. Бизде эки корпус болгондуктан 2 сменада окутуу тууралуу Кемин райондук билим берүү бөлүмү тарабынан жолдомо алдым. Биз 1-11-класска чейин окумай болдук. Бүгүн кайсы класстар кайда окуй тургандыгы тууралуу бөлүштүрүп беребиз. 1-2-смендеги дежурствонун графигин түздүк. Ошол боюнча иш алып барабыз. Ар бир класска ашыкча маска керек. Себеби, м аскасын унутуп калган учурда камсыздап бересиздер. Ар бир класста антисептик болсун. Тряпкаңарды азыр чарба иштери боюнча директордун орун басары А.Саитов таратат. Туура жана так жеткириңиздер. Бардык класстарда санит-гигиеналык режимдер сакталып жатат. Эртең менен класстар желдетилсин. Кол аарчууда жалаң гана салфеткалар пайдаланылсын. Туура кол жуу эрежелерин башталгыч класстарга үйрөткүлө. Үйүндө бирөө жарым пневмания менен ооруган болсо, азырынча мектепке келбейт. Сөзсүз түрдө ГСВдан уруксаат берилгендиги жөнүндө справкасы болсун окуучулардын.
    - Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Ар бир класска маска, антисептиктин болушун камсыздоо ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.
2. Классынарды ар сабак сайын нымдуу тазалоо, желдетүү иштерин көзөмөлдөө мектеп тейлөөчүлөргө жүктөлсүн.
3. Мектептеги бардык санитардык-гигиеналарды сактоо бардык жамааттын мүчөлөрүнө жүктөлсүн.

**Мектеп директору: А.А.Карагулова**
**Катчы: А.Жумабаева**

**Протокол №4**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү**

25.12.20.

Катышышты: 29 мугалим

Каралуучу маселелер:

1. Мектеп окуучуларынын Республикалык олимпиадасынын 1-этабынын өтүлүшүнүн жыйынтыгы тууралуу
2. 2-4-класстардын орус, кыргыз тилинен билим сапатын текшерүү жөнүндө
3. 2-4-класстардын окуу техникасын текшерүү
4. Математика сабагынын берилиши, абалы
5. 9-а,б- класстарынын жалпы текшерүүнүн жыйынтыгы тууралуу
6. Окуу китептеринин сакталышы, абалы
7. Китепканачынын жана усулдук бирикменин ишин текшерүү жөнүндө
8. Тарбия журналдарынын абалы
9. Предметтик декаданын жыйынтыгы тууралуу

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып,каралуучу маселени жана регламентти бекитти.

Каралуучу 1-маселе тууралуу сөз окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага берилди.

-мектеп ичинде өтүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы менен тааныштырды. Маалымдаманы окуду(тиркелет)

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева: чындыгында эми олимпиада быltыркы окуу жылына караганда жакшы уюшкандыкта өткөрүлдү. Бардыгы атайын түзүлгөн график менен өз убагында өткөрүлдү. Тапшырмалар Кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн жөнөтүлдү. Карап, дагы деле жогору бааланган окуучу жок экен.

Г.А.Кенжегулова: быйылкы жаңы окуу жылында мектеп аккредитациядан өтөбүз. Ошон үчүн мектептин сынактарга катышканы, олимпиаданын жыйынтыктары жакшы болуш керек. Ар бир предметтик мугалим окуучуларды жакшы даярдап берүүңүздөрдү суранабыз.

Сунуш:

1. Ар бир предметник окуучулардын аткарган тапшырмаларын өз убагында текшерип, протоколдорун жазуу
2. Райондук олимпиадага даярдоо

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылды.

Чечим:

1. Райондук олимпиадага катыша турган окуучуларды ар бир предметтик мугалим даярдоого милдеттендирилсин.
2. Окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу максатында логикалык тапшырмаларды берип, машыктыруу жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча сөз окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага берилип, маалымдамалар окулду( тиркелет)

Сунуш:

1. „2" деген баа алган окуучулар м енен кошумча иштөө, жазуу иштерине машыктыруу
2. Нормага жетпеген окуучулар класс жетекчилер кошумча иштөөнү колго алсын
3. Математика мугалимдери Г.Б.Сулайманова жана Г.И.Окишева өз билимин өркүндөтүү үчүн КАОго баруусун сунуштайм
4. Математика мугалимдери начар жана шыктуу окуучулар менен иш алып баруусу зарыл

Жарыш сөз:

Мектеп директору А.А.Карагулова:

- Жогоруда айтылгандарга кошулам. Туура сунуш болуп жатат. Өзүнүздөр билгендей бүтүрүүчү класстар үчүн ОРТга даярданууда математика сабагы негизги орунда турат. Азыркы күндөн тартып окуучуларды ар тараптан даярдоо керек. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышып, тажрыйба алмашууну жайылтуу зарыл.

Жогоруда угулгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Жазуу иштеринен „2" деген баа алган окуучулар менен ар бир класс жетекчи өз алдынча иштти уюштуруп, жазуу иштерине машыктыруу колго алынсын
2. 2-4-класстар боюнча нормага жетпеген окуучулардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп, чогуу нормага жетишүү жагы предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.
3. 2021-2022-окуу жылына карата математика мугалимдери Г.Б.Сулайманова жана Г.И.Окишева билимин өркүндөтүү үчүн КАОго жиберилсин
4. Математика мугалимдери начар, шыктуу окуучулар иш алыпбарышсын.

Каралуучу 5-маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышовага жана окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегловага сөз берилди.

9-а жана 9-б класстарын декабрь айында жалпы текшерүү боюнча маалымдамаларды окушту(тиркелет)

Класс жетекчилерине бир катар эскертүүлөр берилди жана төмөндөгүдөй сунуштар айтылды:

Сунуш:

1. Баардык предметтер боюнча тест менен көбүрөөк иштөө. Окуучулардын өз алдынчалуулугуна үйрөтүү
2. Жетишпеген окуучулар менен ар бир предметтик мугалим иштөө
3. Жакшы окуган окуучуларды азыртадан даярдоо
4. Класстык сааттын иштелмелерин өз убагында көрсөтөбүз
5. Класс жетекчилер класстын тазалыгын көзөмөлдөө, окуу китептеринин тазалыгын текшерүү
6. Сабакка кечиккен окуучулар менен иш алып баруу

Жарыш сөз:

Орус тили мугалими Г.А.Тентимишова:

-мен 9-а класска сабак берем, бул класста негизинен начар окуган окуучулар көп. Тентек окуучулар да көп. Бул класстын класс жетекчиси С.Кудайкулова жакшылап карап, тартипке салыш керек.

А.А.Карагулова:

-кыргыз тилинен 58% экен билим сапаты. Текшерүү туура жүргүзүлдүбү?

УБ жетекчиси К.О.Тилепбергенова:

-мен өзүм жат жазуу жаздырдым, текшердим. Чындыгында эле окуучулар абдан жакшы жазып беришти. „2" деген баа алган окуучулар болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Ар бир предметтик мугалимдер тест менен окуучуларды көнүктүрүп иштөөсү колго алынсын
2. Начар окуган окуучулар менен класс жетекчи, ата-эне жана предметтик мугалимдер чогуу иш алып барышсын
3. Шыктуу окуучулар менен ар дайым машыктыруу иштерин жүргүзүү предметтик мугалимдерге жүктөлсүн
4. Класс жетекчилерге карата айтылган эскертүүлөр тез арада жоюлсун
5. Класстын жалпы тазалыгын, окуу-куралдарынын пайдаланылышын, сабакка катышуусун көзөмөлдөө класс жетекчилерге милдеттендирилсин
6. 9-а, 9-б класстарды жалпы текшерүү иши канааттандырарлык деп табылсын.

Каралуучу 6-маселе боюнча сөз мектептин китепканачысы И.С.Бозумовага берилди:

-2020-2021-окуу жылынын 1-сентябрын норма 4/2 окуучуга 4/2 окуу китеби таратылды. 1-декабрдан 14-декабрга чейин мектеп парламенти менен бирге ар бир класстын окуу китебинин сакталышы тууралуу рейд уюштурулду. Бир катар китептер сыртталып, ирээтке келтирилди. 5-6-класстарга катара 805 китеп берилди. Жаңы китепке аренда төлөндү.

Класс жетекчилерге сунуш:

Ар бир класс жетекчи классынын окуу китептеринин таза сакталышын көзөмөлгө алышса;

Кеңешме чечим кылат:

Чечим:

1. Китепканадан алынган китептер таза, иреттүү сакталуусун кароо жагы китепканачыга, мектеп парламентине жана класс жетекчилерге жүктөлсүн
2. Китептердин сакталышы, абалы текшерүүнүн негизинде канаатандырарлык деп табылсын
3. Окуучулар жоготкон китептердин ордун кайра толуктоосу китепканачы менен класс жетекчиге милдеттендирилсин

Каралуучу 7-маселе боюнча сөз Усулдук кеңештин жетекчиси Г.А.Тентимишовага жана М.Ч.Абышовага берилди

Г.А.Тентимишова: -УБ дин ишин декабрь айында текшерүү боюнча , М.Ч.Абышова китепканачынын ишинин абалы боюнча маалымдама окулду( маалымдама тиркелет)

Сунуш:

1. Ар бир усулдук бирикменин жетекчилери пландардын иш кагаздарын иреттеп, протоколдор туура жазылсын
2. Маалымдама, протоколдор компьютерге жазылсын
3. Китепканачы китепканага окурмандарды тартуу, кызыктыруусу
4. Окуу жетекчиси алганга чейин окуу китептеринин абалын текшерип туруу
5. Планда жазылган иш-чараларды өткөрүү

Жарыш сөз:

Башталгыч класстын мугалими А.Жумалиева:

-китепканадан 4-класстын окуучулары жомок китептерин алып, окуп жатышат. Класстан тышкаркы окугандарын айтып беришет.

А.А.Карагулова: - китепканадан китеп окуганга алган окуучулар барбы?

И.С.Бозумова: - көбүнчө 2-6-класстардын окуучулары окуу китептерди, жомокторду алып окушат. 7-11-класстар китеп албайт. Азыр көбүнчө эле электрондук китептерди окушат.

А.А.Карагулова:-демек, окуганга кызыктыруу үчүн ар кандай сынактарды уюштуруу зарыл. Окуучуларды тартуу керек.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Усулдук бирикменин жетекчилерине беш жылдык аткарылган иш боюнча иш-кагаздарды ирээттеп чыгуусу жүктөлсүн.
2. Иш планга коюлган иш-чаралар толук аткарылсын
3. УБ нин ишин көзөмөлдөө УК жетекчиси Г.А.Тентимишовага милдеттендирилсин
4. Китепканачы ар кандай сынактарды өткөрүү менен китепканага окурмандарды тартуу жагы китепканачыга милдеттендирилсин
5. Китепканачынын иш планынын негизинде иш-чаралар жоопкерчиликтүү аткарылсын
6. Текшерүүнүн негизинде усулдук бирикмелердин жана китепканачынын жарым жылдыкта аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.

Каралуучу 8-маселе боюнча сөз тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышовага берилди:

- Класстык журналдардын толтурулушу боюнча маалымдама окуду( маалымдама тиркелет)

Сунуш:

1. Класс жетекчилер журналдагы темаларды өз убагында толтуруу
2. Берилген эскертүүлөрдү өз убагында аткаруу

Жарыш сөз:

Г.А.Тентимишова: мисалы: мага ушул жаңы чыккан тарбия журналдардын окуучуларга толтура турган социалдык картасы жаккан жок. Биздин эле жумуш кылып жатабыз. Социалдык картаны кайра соц.педагогко да өзүнчө баракка жазабыз. Мындайча караганда кагаз азайбай эле көбөйүп жатат.

Т.Т.Абдраимова: - ооба, менде деле Г.Аскарбековнаныкындай пикир бар, ата-эненин билимин сурасаң, кээ бир ата-энелер „Эми биздин билимибизди мугалимдер эмне кылат экен?" –деп наараазы болушту.

М.Ч.Абышова: - туура , сиздердин ой-пикириңиздерге кошулам. Эми бул журналдарды биз коллектив кеңешип, өзүбүз алдык. Бизге бирөө таңуулаган жок. Жакпаса, кийинки жылда мурда колдонуп жүргөн эле журналдарды колдонсок болот.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Класстык журналдарды өз убагында толтуруу класс жетекчилерге жүктөлсүн
2. Класс жетекчилерге берилген эскертүүлөр өз убагында аткарылсын

Каралуучу 9-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Г.Кучкачева география предмети боюнча 9-декабрдан 12-декабрга чейин өткөрүлгөн жумалык боюнча маалымдама окуду( тиркелет)

Сунуш:

1. Предметтик мугалим окуучуларды жакшы уюштурушу зарыл
2. Окуучуларга тапшырма берүүдө туура багыттоо

Жарыш сөз:

Усулдук кеңештин жетекчиси: Г.А.Тентимишова- К.Ырсалиев өз предметин мыкты билет. Сабактарын да жакшы өтөт. Бирок, жаңы ыкмаларды көп колдонбойт. География сабагына окуучулар кызыгат. Мындан да мыкты кылып өтсөң жакшы болмок. Ишиңе ийгилик.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. География предмети боюнча өтүлгөн жумалык канааттандыраарлык деп табылсын
2. География сабагына окуучуларды кызыктыруу, жаңы ыкмаларды пайдаланып заманбап сабак өтүү георафия мугалими К.Ырсалиевгe жүктөлсүн.

Ар кандай маселелер боюнча мектеп директору төмөнкүлөрдү билдирди:

-Өзүңүздөргө маалым болгондой реалдуу окуу декабрь айында эле башталды. Окуучулардын билими өтө эле төмондөп кетиптир. Эми каникул учурунда да мектепте дежурство боюнча

график түзүлдү. Аны менен таанышып, окуп чыккыла. Андан тышкары каникул учурунда да ар бир баланын коопсуздугун сактоо керек, ата-энелер менен да байланышып тургула. Класс жетекчилер класстарды ирээттеп кеткиле. 11-январда кадимкидей окуу башталат. Мектеп окуучуларынын мектеп формасын кийгизүүнү жана ар күн сайын маска тагынуусун талап кылсаңыздар. Антисептик, кол жуучу самын менен мектеп камсыз кылат. Ооруну жайылтпоо максатында ар тараптан биргеликте чогуу иш алып баралык.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Ар бир класс жетекчи окуучуларга санитардык-гигиеналык нормаларды так сактоого үйрөтүү жагы милдеттендирилсин.
2. Атайын түзүлгөн инструкция боюнча масканы туура колдонуунун жолу менен тааныштырылсын.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлсүн.

**Мектеп директору: А.А.Карагулова**
**Катчы: А.Жумабаева**

## Протокол №5

**Кемин району Шабдан Ата орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү** 29-январь 2021-жыл

Катышканы-27

Каралуучу маселе:

1.II-тин жыйынтыгы менен билим сапатын салыштырма анализи жөнүндө

2.Кыргыз тил сабактарынын берилишин тестирлөө аркылуу текшерүү(5-11кл)тууралуу

3.Спорттук иш-чаралардын жүрүшү жөнүндө

4.Химия предметинин декадасынын жыйынтыгы тууралуу

Кеңешменин жүрүшү:

Мектеп директору А.А.Карагулова кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды жана регламентти бекитти.

Каралуучу 1-чи маселе боюнча сөз окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага берилди.

Угулду:Шабдан Ата атындагы орто мектебинин №60 буйругунун негизинде кыргыз тили сабагынын берилиши боюнча текшерүү жүргүзүлдү. Кеңешменин мүчөлөрү сабактарга катышып,жат жазуу иштерин алышты.Натыйжада кыргыз жана орус класстарга сабак берген мугалимдердин окуучуларга билим берүүсү текшерилди.

Маалымдама окулду(тиркелет).

Комиссия төмөнкүдөй сунуш кылды:

1.Ж.Канкулиевага-өз ара сабактарга катышуу,тажрыйба топтоо,сабак берүүдө суроону так берүү,окуучуну уга билүү жана убакытты туура колдонуу сунушталды..

2.Кыргыз тили жана адабият мугалимдери жат жазууда жетишпеген окуучулар менен кошумча иштөө.

3.Сабакка көрсөтмө куралдарды пайдалана билүү.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат:

Чечим:

1.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Ж.Канкулиева тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышып, тажрыйба топтосун.

2.Жат жазуу иштерин жазалбаган окуучулар менен жекече иштөө колго алынсын.

3.Спорт залда окуучулар катышуучу жайларда санитардык гигиеналык көрсөтмөлөр сакталсын.

4.Дене тарбия сабагынын берилишин канааттандыраарлык деп табылсын.

Каралуучу 4-чү маселе боюнча,директордун орун басары Г.А.Кенжегулова химия предмети боюнча өткөрүлгөн декаданын жыйынтыгын окуп берди(маалымдама тиркелет).

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат:

Чечим:

1.Химия декадасынын уюштурууну канааттандыраарлык деп табылсын.

2.Химия сабагына окуучуларды кызыктыруу,ар-кандай иш-чараларды уюштуруу химия мугалими А.А.Кармышевага жүктөлсүн.

Каралуучу 5-чи маселе, 2-4 класстарынын тамактануусун уюштуруу боюнча А.А.Карагулова сөз сүйлөдү:

Угулду:11-январдан бери 2-4 класстардын ата-энелери менен класс жетекчилер чогулуш өткөрүнүздөр.Быылтыркы окуу жылында ата энелер тарабынан жумасына бир күнгө ысык тамак уюштурулчу.Урматуу класс жетекчилер ата-энелер менен жолугушуп ысык тамакты уюштурунуздар.Февраль айына жыйналышты өткөрөбүз.

20-январь күнү "билимкана" мектебинин окуучулары менен баскетбол боюнча мелдеш өткөрүлдү.Натыйжада, Шабдан Ата атындагы орто мектебинин окуучулары утушка ээ болушту.

22-январда 8-11 класстардын ортосунда мелдеш өткөрүлдү.1-орунду кыз-балдар арасында 10-б класс кыздары,эркек балдар арасында 9-а класс багындырды.

Жарыш сөз:

Мектеп директору:текшерүү учурунда спорттук формаларды кийишет бекен?

К.Кучкачева:Окуучулар бул сабакка кызыгышат,бирок айрым окуучулар формасы жок келет экен.

Мектеп директору:Демек,окуучулар спорттук кийимдерин такыр кийишпейт,мугалим тарабынан көзөмөлдөө начар.Дене тарбия сабагы кызыктуу, бирок окуучулар сабакка форма кийүү керек.Көп учурда сабакка катышпай жүргөн окуучуларды көрүп жатам.Себеби эмнеде?

Т.Айдралиев:Алардын айрымдарынын справкасы бар, мен деле окуучуларды сабакка активдүү катыштырууга аракет кылып жатам.

Сунуш:

1.Сабакты уюштура билүү,окуучуларды кызыктыруу.

2.Ар кандай спорттук оюндарды өткөрүү.

3.Спорт залдын тазалыгын сактоо.

Кеңешме чечим кылат:

Чечим:

1.Сабак берүүдө ар кандай оюндарды уюштуруу.

2.Окуучуларды кызыктыруу жагы дене тарбия мугалими Т.Айдралиевке милдеттендирилсин.

3.К.Тилепбергенова жана М.Ч.Абышова сабак берүүдө көрсөтмө куралдарды,ТСОну колдонуу сунушталсын.

4.Кыргыз тили жана адабияты сабагынын берилиши канааттандыраарлык деп табылсын.

Каралуучу 2-чи маселе боюнча 1-чейрек менен 2-чи чейректин жыйынтыгын салыштырып,окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегулова анализ берди(анализ тиркелет).

Сунуш:

1.Окуучуларды туура баалоо.

2.Көтөрмөлөп, бааны жогорулатпоо.

3.Начар сабакты өздөштүргөн окуучулар менен иш алып баруу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй чечим кылынды

Чечим:

1.Предметтик мугалимдер окуучуларды билимине,сабакты өздөштүрүүсүнө жараша туура баалоо жагы милдеттендирилсин.

2.Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иш күчөтүлсүн.

3.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.А.Кенжегуловага жүктөлсүн.

Каралуучу 3-чу маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси К.Кучкачевага сөз берилди.

Угулду:Дене тарбия сабагынын берилиши январь айында жүргүзүлдү.Т.Айдралиев өзү тажрыйбалуу мугалим. Окуучулар бул сабакка кызыгуу менен катышышат. 20-январь күнү "Билимкана" мектебинин окуучулары менен баскетбол боюнча мелдеш өткөрүлдү. Шабдан Ата атындагы орто мектебинин окуучулары жеңишке жетишишти.22-январда 8-11 кл.арасында мелдеш өткөрүлдү.1-орунду 10-б кл кыздары, 9-а кл. Балдары багындырды. Планы бар, темалар журнал менен дал келет. Электрондук күндөлүк убагы менен толтурулат.

Жарыш сөз:

Мектеп директору-Текшерүү учурунда спорттук формаларды кийишет бекен окуучулар?

К.Кучкачова: Окуучулар дене тарбия сабагына кызыгышат. Айрым окуучулар формасын кийбей келген учурлар боло экен.

Мектеп директору: Демек, мугалим тарабынан көзөмөлдөө начар, спорт формасын кийүүсүн талап кылыңыз!

Сунуш:

1.Сабакты уюштура билүү, окуучуларды кызыктыруу

2.Ар кандай спорттук оюндарды өткөрүү

3. Спорт залдын тазалыгын сактоо

Кеңешме чечим кылат .

Чечим:

1.Сабак өтүүдө ар кандай ыкмаларды пайдаланып, окуучуларды кызыктыруу жана сынактарды , мелдештерди өткөрүү дене тарбия мугалими А.А.Айдралиевге милдеттендирилсин.

2.Спорт залда, окуучулар которунуучу жайда санитардык-гигиеналык нормалар сакталсын.

3.Дене тарбия сабагынын берилиши канааттандырарлык дкеп табылсын.

Каралуучу 4-маселе боюнча, окуу-тарбия иштери боюнча д.о.б. Г.А.Кенжегуловага сөз берилди: Г.А.Кенжегулова химия декадасынын уюштурулушу, өтүлүшү тууралуу маалымдаманы окуду.( маалымдама тиркелет)

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1.Химия декадасынын уюштурулушу канааттандырарлык деп табылсын.

2.Химия предметине окуучуларды даярдоо, ар кандай сынактарды өткөрүү А.А.Кармышевага жүктөлсүн.

Каралуучу 5-маселе боюнча , мектеп директору төмөнкүлөрдү билдирди:

2-4 класстардын ата-энелери тарабынан ысык тамак уюштурууда кошумча акча берүү тууралуу ата-энелер комиттетери менен чогулуш өткөрөлү. Себеби, буга чейин деле ата-энелер ысык тамак берүүдө жакшы көмөк көрсөтүп келишкен. Класс жетекчилер алдын-ала ата-энелер менен чогулуштарды өткөрүңүздөр.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1.2-4 класстарга жумасына бир жолу ысык тамкты уюшуруу жөнүндө чогулушту өтүү класс жетекчилерге жана тамкты уюштуруу боюнча жооптуу мугалим А.Ч.Абышовага милдеттендирилсин.

2.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлсүн.

**Мектеп директору: А.А.Карагулова**

**Катчы: А.Жумабаева**

# Протокол № 6

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

26-февраль 2021-жыл.

Катышканы: 29 мугалим.

**Каралуучу маселе:**

1. Орус тили жана адабияты сабактарынына берилиши тууралуу.
2. Тарых сабагынын берилиши жана абалы жөнүндө.
3. Ийримдин ишинин жүргүзүлүшү тууралуу.
4. Орус тили жана адабияты; англис тили предметинин декадасынын жыйынтыгы жөнүндө.
5. Ар кандай маселелер.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору А.А.Карагулова кеңешменин мүчөлөрүнө кеңешмени ачык, каралуучу маселени жана регламентти бекитти.

Каралуучу 1-маселе боюнча сөз мектептин усулдук кеңешменин тарабынын Г.А.Тентимишевага берилди:

Угулду: 8 – 12 февралга чейин орус тили жана адабияты сабактарынын берилиши тууралуу мектеп администрациясы тарабынан берилген буйруктун негизинде текшерүү жүргүзүлдү.

Комиссия мүчөлөрү менен бирдикте орус тили жана адабияты мугалимдеринин сабактарына кирип, ар бир класстан текшерүү максатында жат жазуу иштери алынды.

Маалымдама окулду (тиркелет).

Каралуучу 2-маселе боюнча окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага сөз берилди:

Угулду: 2020-2021 окуу жылынын 22-февралынан 26-февралына чейин № 20 буйруктун негизинде тарых сабагынын берилишин текшерүүсүн жыйынтыгы боюнча, комиссия мүчөлөрү ар бир класстан тест алып билим сапатын чыгарышты. Мектепте тарых сабактарын төмөнкү мугалимдер берет: А.А.Карагулова, К.М.Ырсалиев, А.Бейшенбаев.

Маалымдама окулду (тиркелет).

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары орус тили жана адабияты, тарых сабактарынын текшерүүсүнүн негизинде, жүргүзүлгөн анализге карата сунуш киргизди:

1. Сабак өтүүдө көрсөтмө куралдарды, ТСО колдонуу.
2. Начар окуган окуучулар менен жекече иштөө.
3. Окуучулардын орус тилинде сүйлөө речин өнүктүрүү.
4. Тажрыйбалуу мугалимдердин ыкмаларын жайылтуу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Орус тили жана адабияты, тарых сабактарынын берилиши канааттандырарлык деп табылсын.
2. Предметник мугалимдер сабак өтүүдө көрсөтмө куралдарды, ТСО ну колдонуу колго алынсын.
3. Начар окуган окуучулар менен иштөө күчөтүлсүн.
4. Жаңы ыкмаларды колдонуп сабак өтүү, тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына кирүү колго алынсын.
5. Окуучулардын билим сапатын көзөмөлдөө жагы окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага жүктөлсүн.

Каралуучу 4-маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышовага сөз берилди.

Угулду: Мектепте окуу жылынын башында “Жаш талант” ийрими түзүлгөн. Ал ийримди К.Кучкачева жетектеп келет. Ийримге бардык класстардан таланттуу окуучулар тандалып алынган.

“Даткайым” бий ийримин болсо, А.Жумабаева жетектейт.

Ийримге катышкан окуучулар Кемин районундагы “Мен Кыргызстандыкмын жана аны менен сыймыктанам” аттуу музыкалык кароо-сынакка катышып келишти.

Малымдама окулду (тиркелет).

Жарыш сөзгө:

А.А.Кармышева: Кемин маданият үйүндө болгон кароо-сынакка 6-б классынын окуучусу Н.Зарлыкованын даярдасаңыз болмок. Чын жакшы. Биздин мектепте таланттуу окуучулар бар, бирок чыгара албай жатасыздар!

Мектеп директору: Айдай Асанбекова туура айтат “Кантип 400 окуучунун арасынан бир окуучу жакшы ырдай албасын. Демек, иш жакшы жүргүзүлбөйт, ийрим өз ишин жоопкерчиликтүү аткара албайт.

Сунуш:

1. Музыка мугалими К.Кучкачева талантуу окуучулар менен иштеп даярдасын.
2. Ар кандай кароо-сынактарда алдын ала окуучуларды даярдоо.
3. Бийге, ырга шыктуу окуучуларды ийримге тартуу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. “Жаш талант” ийриминин жетекчиси К.Кучкачева таланттуу окуучулар менен иштөөсүн күчөтсүн.
2. Ийрим жетекчилери ар кандай кароо-сынактарга окуучуларды активдүү катыштырсын.

3. Ийримдин ишин көзөмөлдөө, тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч. Абышовага жүктөлсүн.

Каралуучу 4-маселе боюнча, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына сөз берилди:

Угулду: Февраль айында орус тил жана адабияты, англис тили декадасы жакшы уюштурулгандыкта өтүлдү. Усулдук бирикменин жетекчи жоопкерчиликтүү мамиле жасоо менен декадаларды өткөрдү.

Маалымдама окулду (тиркелет).

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Орус тили жана адабияты, чет тили предметтери боюнча өткөрүлгөн декаданын жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Усулдук бирикменин жетекчиси өткөн окуу жылдарына карата иш пландарын, иш кагаздарын ирээтке келтирсин.
3. Мектептеги 5 усулдук бирикменин ишин көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин жетекчиси Г.А.Тентимишевага жүктөлсүн.

5-маселе боюнча, мектеп директору сөз сүйлөдү:

Угулду: Азыркы кырдаалга байланыштуу мектепте бардык санитардык-гигиенанын кызматтар толук сакталыш керек. Ар бир келген персонал жана окуучулар бет кап кийип жүрүүсү зарыл. Ушул маселе боюнча дагы ата-энелер менен бирдикте, тыгыз байланышта иш жүргүзүүнү колго алалы. Себеби, коронавирустун жайылып кетиши ар бирибиз үчүн кооптуу. Мектепте бет кап салуучу утилизация урналарды дагы орнотулду. Вирустун алдын-алуу, сактануу нускамалары менен ата-энелерди жакындан тааныштыруу күчөтүлсүн.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме төмөндөгүдөй чечим кылат.

Чечим:

1. Мектепте, класстарда санитардык-гигиенаны талаптар класс жетекчилер, предметник мугалимдер тарабынан көзөмөлдөнсүн.
2. Атайын түзүлгөн графиктин негизинде класстарды желдетүү жүргүзүлсүн.
3. Бет кап кийип жүрүү ар бир мектеп кызматкерлерине милдеттендирилсин.
4. Нускама менен тааныштыруу жагы класс жетекчиге жүктөлсүн.
5. Ата – энелер менен толук кандуу иш алып барылсын.
6. Чечимдин аткарылышын мектеп директору көзөмөлгө алсын.

**Мектеп директору:** **А.А.Карагулова**

**Катчы:** **А.Жумабаева**

# Протокол №7

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорун алдындагы кеңешмесинин 23.03.2021жыл

Катышканы:29

Каралучуу маселе:

1.III-чейректин жыйынтыгын талдоо окуу-тарбия иштери боюнча .

2. Физика,химия,биология предметтерин текшерүү.Практикалык, лабараториялык иштердин нормасынын сакталышы боюнча анализ тууралуу.

3.9-11-класстарда математика,химия,физика,тарых,кыргыз тили ,орус тили предметтер боюнча билим сапатын тест алуу менен текшерүү боюнча.

4.Зээндүү жана начар окууган окуучулар менен иштөө туралуу

5. электрондук күндөлүктүн толтурулушу

6. Мектептин ысык тамактын берилиши уюштурулушу тууралуу

7.Математика предметинин декадасы жөнүндө.

**Кеңешменин жүрүшү:**

Мектеп директору кеңешменин ачып,каралуучу маселени жана регламентти тааныштырды.

Каралуучу 1-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча дирекртордун орун басары Г.А Кенжгулова сөз берилди:

Угулду: III-чейрегинин баалары өз убагында бардык мугалимдер тарабынан коюлду.Ар бир класснынбилим сапатын II-чейректин жыйынтыгы менен салыштырып чыктым.

Жыйынтыгында 3-б класстын билим сапаты 9.5%ке, 4-б кл б.с.3%ке, 9-б кл б.с. 14%ке , 10-б кл б.с.4.3%ке, 11-а кл б.с.13.4%ке төмөндөп кеткен. Ал эми жалпы б.с. II-чейрекке салыштырмалуу 7%ке жогорулады.

Жарыш сөздөр: А.А.Карагулова: эмне себептен мындай төмөндөөлөр болду?

Мисалы, 9б-кл менен 11а-класста 14%ке чейин түшүптүр Г.А.Кенжегулова: Негизи III-чейректе бир катар предметтер боюнча текшерүү жүргүзүлдү.Бул класстарда айрым окуучулар 1-2 предметтен ударникке жетишпей калган. Бирок I-чейрекке салыштырмалуу бир ден эле жакшы көрсөткүчтөр болду.

Мектеп директору:Урматтуу кесиптештер балдардын эмгегин туура баалоо менен сандын сапатын өсүшү.Бааны өтө жогорулатып коюнун касиети жок деп ойлойм.

Сунуш:
1.Билим сапаты төмөндөп кеткен класстардын себебин аныктоо.
2.Кийинки чейректе билим сапатын жогорулатууга предметтик мугалимдер тарабынан аракеттер жасалсын.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1.Усулдук бирикменин жетекчилери билим сапаты төмөндөп кетишинен класстардын предметтердин берилишине текшерүү жүргүзүлсүн.

2. Ар бир предметтин мугалимине балдарга сабак берүү ыкмаларын ар түрдүү колдонуу менен кызыгуусун артыруу жагы милдеттендирилсин.

3. Чечимдин аткарылышын окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Кенжегуловага жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча УБнын жетекчиси А.А Кармышовага сөз берилди.
А.А.Кармышова чыгып сүйлөдү маалымдама окулду.(тиркелет) Жарыш сөздөр:
Г.М.Оторбаева чындыгында практикалык,лабараториялык жасоо кыйын экен.Мен билем физика сабагын берип жатам.Көп приборлор жетишсиздигинен төмөн.

К.С.Айткулиева- Ооба,туура айтасыз бирок мен көбүнчө видео аркылуу окуучуларга көрсөтүп,түшүндүрүп берип жатам.

Сунуш:
1.Физика,химия,биология сабактарынан практикалык жана лабараториялык иштер берилген норма менен аркарылсын.
2.Практикалык жана лабараториялык иштер оз убагында өткөрүлүп турсун.
Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгүдөй чечим кылынды.

Чечим:

Физика,химия,биология сабактарынын берилиши канаатандырарлык деп табылсын.

2.Лабараториялык ,практикалык иштерин норма менен аткаруу жана ар кандай жаңы ыкмалар менен колдонуу,интернет булактарынан тесттерди алуу менен сабак өтүү предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.

3.Чечимди көзөмөлдөө жагы УБнын жетекчиси А.А.Кармышовага жүктөлсүн

Каралуучу 3-маселе боюнча,окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарын сөз берилди.

Угулду: 2021-жылдын март айында 9-11-класстардын билим сапатын текшерүү максатында кыргыз тилинен,орус тилинен, тарыхтан, физикадан, химиядан,математикадан жана биология сабактарынан предметтик мугалимдер тест алды маалымдама окулду (тиркелет).

Сунуш:

1.Баардык предметтер боюнча тест менен көбүрөөк иштөө.

2.Тесттин тапшырмалардын суроолорун татаалдандырып түзүү.

3.Окуучулардын өз алдын алуусуна жетишүү.бааны көтөрмөлөбөй туура баалоо.

4.Жетишпеген окуучулар менен ишти күчөтүү.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешменин мүчөлөрү чечим кылат.

**Чечим:**

1.Ар бир предмет боюнча тесттин суроолорун күн мурунтан татаалдаштырып программага ылайык түзүү жана окуучулар менен тесттик иштерди көбүрөөк алып, машыктыруу предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

2.Окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүп иштөөнүн жана бааны туура баалап коюу жагы предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.

3.Жетишпеген начар окууган окуучулар менен иш алып баруу иши күчөтүлсүн.

4.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө усулдук кеңешменин төрөайымы Г.А.Тентимишовага милдеттендирилсин.

Каралуучу 4-5-маселелер боюнча маалымдама окуулду.(тиркелет).

Сунуш:

1.Зээндүү жана начар окуучулар менен иштөө күчөтүлсүн.

2.Планга коюлган иш чаралар өз убагында аткарылып турсун.

3.Электрондук күндөлүктү толтуруу өз убагында жоопкерчиликтүү аткарылсын.

4.Электрондук күндөлүккө коюлган баалар, класстык журнал менен дал келсин.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1.Зээндүү жана начар окуган окуучулар менен иш алып баруу ар бир предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

2.Планга коюлган иш чаралар өз убагында так жана жоопкерчиликтүү аткарылсын.

3.Электрондук күндөлүктү туура толтуруу жагы ар бир предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.

4.Электорндук күндөлүктөгү баалар,сабактын темалары класстык журнал менен дал келүүсүн көзөмөлдөө жагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарына милдеттендирилсин.

Каралуучу 6-маселе боюнча мектепте ысык тамактын берилиши жана уюштурулусуу боюнча М.Ч.Абышовага сөз берилип маалымдама окулду.(тиркелет).

Сунуш:

1.Ашкананы күн сайын тазалап жууп туруу иштери жүргүзүлүп турсун.

2.Тамактын сапаттуулугу стандарттык нормада болуусу зарыл.

3.Ашпозчуу жана башт.классынын окуучулары гигиеналык талаптарды аткарсын.

Мектеп директору: М.Чолпонкулова айткандай Тар-Суу айылынын тургуну Ш.Кубанычбекович бизге спонсор болуп 20000сом өлчөмүндө каражат бөлүп берди.Ага ашканага илгичтер,суу тетиктери алынды.Спонсорлорду таап келип берген А.Ч.Акматканова болду.Жалпы коллективдин атынан ыраазычылык билдирип кетем.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1.Мектеп ашканасын атайын түзүлгөн график боюнча тазалоо иштери өз убагында жүргүзүлсүн.

2.Тамак даярдоо жана тамактануу учурунда баардык санитардык гигиеналык нормалар сакталсын.

3.Тамактын сапаттуу даярдалышын ата-энелердин берилген акча каражаттарынын азык-түлүк алууга туура сарпталынсын.Коммисия мүчөлөрү текшерсин.

4.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы жооптуу М.Ч.Абышовага жүктөлсүн.

Каралуучу 7-маселе боюнча А.А.Кармышовага сөз берилди. Маалымдама окуулду(тиркелет).

Жарыш сөздөр:

Г.А.Кенжегулова математика декадасы уюшкандыкта жогорку деңгээлде өткөрүлдү.Керек болсо, Г.М.Оторбаева дагы ачык саат өтүп,жаш мугалимдерге үлгү болду.Биздин мектепте негизинен тажрыйбалуу пенсионер мугалимдер көп ошого карабастан талыкпай эмгектене бериңиздер.

Усулдук кеңешменин төрөайымы Г.А.Тентимишова: биздин пенсионер мугалимдерибиз мектепке чоң салым кошуп жатышат.Олимпиададан дагы жакшы көрсөткүчтөрдү беришти.К.С.Айткулиевага дагы,Кармышовага дагы ыраазычылык билдирем.

Сунуш:

1.Математика декадасын кийинки окуу жылына карата дагы жакшыртуу.

2.Тажрыйбалуу мугалимдердин ишин жайылтуу.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1.Математика предмети боюнча өтүлгөн декаданын жыйынтыгы канаатандырарлык деп табылсын.

2.ОРТда негизги предмет математика болгондуктан сабак берүү ыкмаларын жакшыртуу,окуучуларды кызыктыруу,тартуу жагы предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.

3.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы УБнын жетекчисине жүктөлсүн.

Мектеп директору: [signature] Керезбаева А.А.

Катчы: [signature] Жумабаева